**Кыргыз Республикасы**

**Баткен областы**

**Кадамжай району**

**Совет айыл аймагынын айылдык кенеши**

**Кыргызская Республика**

**Баткенская область**

**Кадамжайский район**

**Айыльный Кенеш Советского айыльного аймака**

714220

Советский айылы, Ленин көчөсү 20 714220, с. Советский, ул. Ленина №20

Факс 03655-6-11-08 электронная почта d.sovetskoe@mail.ru

## Токтом №23/2

**Совет айылы** **24.03.2020-жыл**

**«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-мартындагы «Кыргыз Республикасынын аймагында коронавирус инфекциясын (COVID-19) пайда болуу жана жайылтуу коркунучун алдын алуу боюнча чаралар жөнүндөгү»№163 токтомун жана коронавирустун алдын алуу максатында 2020-жылдын 22-мартынан Кыргыз Республикасында озгочо кырдаал режими киргизилгендигине байланыштуу Совет айыл аймагынын айыл окмотунун аймагында тартипти сактоо максатында спирттик ичимдиктерге чектөө киргизуу жөнүндө»**

Совет айыл аймагынынын айылдык кенешинин алтынчы чакырылышынын кезексиз

жыйырма учунчу сессиясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-мартындагы «Кыргыз Республикасынын аймагында коронавирус инфекциясын (COVID-19) пайда болуу жана жайылтуу коркунучун алдын алуу боюнча чаралар жөнүндөгү»№163 токтомун жана коронавирустун жайылтуу кокунучунун алдын алуу максатында 2020-жылдын 22-мартынан Кыргыз Республикасында озгочо кырдаал режими киргизилгендигине жана 2020-жылдын 25-марттан Кыргыз Республикасында 42 коронавирус менен ооруган адамдар аныкталгандыктан Кыргыз Республикасынын 2 облус,2шаар,уч районго комендаттык саат киргизилгендигине байланыштуу Совет айыл аймагынын айыл окмотунун аймагында тартипти сактоо максатында жана элдерден түшкөн сын сунуштарды эске алуу менен

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Кыргыз Республикасыннын аймагында 2020-жылдын 22-мартынан баштап коронавирус инфекциялык оорусунун жайылып кетүү коркунучун алдын алуу максатында өзгөчө кырдаал режими киргизилгендигине байланыштуу карантиндин эрежелерин сактоо менен ар бир үй-бүлөнүн ден соолуктарын сактоо ,айылдагы ар бир жарандын жоопкерчилигин жогорлотуу максатында айыл аймагындагы дукөндөрдө мыйзам чегинде руксат кагазы болбосо спирттик ичимдиктерди сатууга 2020-жылдын 25-мартынан баштап тыюу салынсын.

2. Ушул токтомду аткарбаган жеке ишкерлерге мыйзам чегинде айып пул салуу боюнча жумуштарды алып баруу бузуулар боюнча комиссияга тапшырылсын жана ар жеке ишкерге түшүндүрүү иштери жүргүзулсүн